**№ 10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин**
**2020 – 2021-окуу жылынын анализи**

**Мектептин окуу планынын аткарылышы жана окуу процесси.**

2020-2021-окуу жылындагы бекитилген окуу планынын негизинде биринчи жарым жылдыкта төмөнкүдөй иш жүргүзүлдү. №10 А.Осмонов атындагы жалпы билими берүүчү орто мектеби билим берүү Мыйзамына, билим берүү тармагында иштеп жаткан Улуттук программаларга жана мектептин Уставынын негизине ылайык иштеди.

Окутууну жана тарбия берүүнү жакшыртуу планынын милдеттерине жараша кезектеги мониторинг жана мектептин ишмердүүлүгүнүн жыйынтык баасы төмөнкү аспекттерге негизделген.

1. Окуу планын аткаруу
2. Окуучулардын жетишкендиктери
3. Үйрөтүү, тарбия берүү, окутуу
4. Мектептеги климат, ички эрежелер
5. Ресурстар

Жыл ичинде план боюнча декадалар ачык сабактар, кечелер, семинарлар педагогикалык окуулар сентябрь, октябрь жана ноябрь айларында онлайн режимде болуп өттү. Ар бир декаданын тегерек стол болуп анализдер берилип милдеттер коюлуп жатты. Сабактардын мыкты өткөн төмөнкү мугалимдерге: башталгыч класс мугалимдери Р.У.Эргешова, А.М.Омекова,
М.Э. Бекназарова, Г.М.Нарымбетова, Ж.К.Бакирова өзгөчө усулдарын көрсөтө алышты. Мындан сырткары жаш мугалимдердин сабактарына усулдук жардам сунушталды. Башталгыч класс мугалимдери жалпы "Келгиле окуйбуз, бирге окуйбуз" долбоорунун негизинде алгылыктуу иштерди алып барышты.

Насаатчылардын иши мектеп администрациясы тарабынан көзөмөлдөнүп сабактарга катышып жатышты. Устат шакирт вебинарларына өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша катышып, сунуш ой пикирлерин пед кеңешмеде талкууланып жатты. Биринчи жарым жылдык жыйынтыгында насаатчы менен жаш мугалимдердин иши жана мектептин иши канааттандырарлык деп табылды.

План боюнча административдик текшерүүлөр алынып турду. Башталгыч класстар арасында "Таза дептерлер, сулуу жаз сынагы" жүгүзүлүп жыйынтыгында
1-б, 2-а, 3-а жана 4-б класстары жеңүүчү болуп табылды. Мектеп адсминистрациясы тарабынан класс жетекчилерине ыраазычылык билдирилди. Усулдук бирикме жетекчиси Р.У.Эргешовага билим сапатынын үстүндө иштөө жагы сунушталды.
Башталгыч классында 1-4-класска чейин 9 мугалим, даярдоо классында 2 мугалим эмгектенет. Ар бир мугалимдин пландары мектеп администрациясы тарабынан бекитилген жана план боюнча биринчи жарым жылдык пландын негизинде толук өтүлдү. Мерсико долбоорунан балдар үчүн мөмө ширесин даярдоого Модель SD-10 күн желесинде кургатуучу аппарат, ашканага банерлер, окуучулар үчүн тамак бышыруучу 40, 54 литр сыйымдуу кастрюлдар берилди.

Мугалимдер үчүн "Колду таза жууйбуз" сынагына активдүү катышкан Р.У.Эргешова, Ж.К.Бакирова, А.Б.Ниязалиева, Н.Б.Айдаралиева, Г.М.Нарымбетоваларга ыраазычылык кат жана кол, идиш жууучу каражаттар менен камсыз кылынды.

**Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн милдеттер:**

1. Башталгыч класстарда окуп кайра айтып бергенин көргөнүн жана укканын сүрөттөп айтып берүүсүн үстүндө иштөө.
2. Тамгаларды элементи менен катасыз жазууга көнүктүрүү.
3. Логикалык ой жүгүртүүлөрүн сөз байлыгын өстүрүүчү аналогиялык жана сүйлөмдөрдү толуктоо менен иштөө.
4. Предметтик кружокторду, кошумча сабактарды өтүү жана начар окуган окуучулар менен көбүрөөк иштөө.
5. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруу.
6. Чейрек сайын окуучулардын билим деңгээлин текшерип, рейтинг- мониторинг жүргүзүү, кемчиликтердин үстүндө иштөө.

7. Жаңы технологияларды, усулдарды жаңы стратегияларды сабак өтүүдө көп колдонуу.
8. Маалымат булактары менен иштөө.
9. Китепканачы "Жаңы китеп" менен тыгыз байланышта болуу. Ата-энелер жана коомчулук менен байланышты күчөтүү.
10. Окуучулардын окууга болгон көндүмдөрүн өнүктөрүү жана китеп окууга болгон кызыгуусун күчөтүү.
11. Билим берүүгө жардам көрсөтүү үчүн мүмкүн болгон материалдардын түрлөрүн пайдалануу.
12. Сабакка коюлган максаттарга жетүү үчүн керектүү пландарын жана программаларын так иштөө.
13. Окуучулардын билимин реалдуу баалоо.
14. Мектептик олимпиадаларды өткөрүү.
15. Алдынкы тажрыйбалуу мугалимдердин иш тажрыйбасын жайылтуу. (шаардык, облустук, республикалык) ММКна берүү жана чыгаруу.
16. Кээ бир сабактарда билим сапаты төмөндөп кеткен начар окуган окуучулар менен кошумча сабак өтүү, кайра текшерүү иштерин жүргүзүү.
17. Компьютердик сабатсыздыкты жоюу.
18. Убагы менен окутуулардын ар кандай усулдарын колдонуп, ачык сабактарды семинарларды өтүп туруу.
19. Мугалимдер арасында тажрыйба алмашуу үчүн ШБББнүн болуп жаткан семинарларга катышуу.
20. Өз билимин өркүндөтүү курстарына баруу.

**Ички көзөмөл**

Мектеп ичиндеги көзөмөл жыл башында түзүлгөн план боюнча жүргүзүлүп жатты. Ар бир чейректин башында жана аягында окуучулардын кыймылы такталып турду. Ар бир мугалимдин календарлык пландары жыл башында саттары такталып жазылышы көзөмөлгө алынып бекитилди. Мугалимдер ошол пландар боюнча иш алып барышты. Журналдар текшерилип, өздүк делолору такталды. Административдик текшерүүлөр ар бир предметтен ай сайын алынып турду. Башталгыч класстардын окуп түшүнүүсү жана окуу техникасы чейрек сайын усулдук бирикме жетекчиси Р.У.Эргешова тарабынан текшерилип жатты. Улусдук бирикме жетекчилери окуу бөлүмүнүн башчысы директордун алдындагы кеңешмелер жүргүзүлүп турду.

**Анализ:** ички көзөмөл боюнча 2020-2021-окуу жылында коюлган милдеттердин негизинде иш алып барылды. Ар бир айдын жумага бөлүнгөн пландын негизинде текшерүү көзөмөлдөө иштери жүрүп турду. Айтылган эскертүүлөр менен сунуштар өз убагында аткарылып кезектеги кеңешмелерде жыйынтыктар каралып жатты.

**Ички көзөмөлгө коюлган милдеттер:**

1. Окуучулардын билимин текшерүү үчүн ай сайын жазуу жумуштарын алуу.
2. Ар бир сабактардын берилиштерине көзөмөлдөө.
3. Экиден жана топ менен иштөөнү күчөтүү.
4. Окуучулардын окуу техникасына жана түшүнүүсүнө көбүрөөк көңүл буруу.
5. Усулдук кеңешинин ишин күчөтүү.
6. Чейрек сайын ар бир предметтин ар бир класстын анализ - мониторинг жүргүзүү.
7. Кружок иштеринин өткөрүлүшүн көзөмөлдөө, окуучуларды олимпиадаларга жана ЖРТга даярдоо.

8.Жаш мугалимдерге усулдук жардам берүү.

**Натыйжа:** Баардык усулдук бирикмелердин жана мектептин усулдук иштерин жүрүшүн анализдеп жалпы абалы педагогикалык кеңешмеде канааттандырарлык деп табылды.жогорку класстын мугалимдери начар окуган окуучулар менен толук камдуу иш алып барбагандыгы аныкталды. Окуучуларды олимпиадага даярдоо жагы жакшы иштер жүргөн эмес. ЖРТке даярдоо расписаниенин негизинде өтүлүп жатты. Усулдук бирикмелердин иш планындагы кемчилдиктер ар

бир усулдук бирикме жетекчилерине оңдоо жагы сунушталды жана эскертилди. Кошумча окутуу жана билим сапат иштөө жагы ар бир мугалимге милдеттендирилди.

**Кадрлар менен иштөөнүн милдеттери:**

1. Педагогикалык окууларды жүргүзүү.
2. Семинарларды өтүү.
3. Тематикалык докладдарды угуу.
4. Квалификацияларын жогорулатуу үчүн курстарга баруу.
5. Тренингдерге катышуу.
6. Насаатчылардын иш тажрыйбалары менен жана методикасы менен таанышуу.
7. Өз ара сабакка катышуу менен күчөтүү.
8. Илимий конференцияларга катышуу.
9. Усулдук бирикмелердин иштөөсүн күчөтүү.
10. Мугалимдер дагы ар тараптуу маалымат булактары менен камсыз кылуу.
11. Электрондук мектепке ар мугалимди киргизүү.
12. Электрондук китеп менен таанышуу жана колдонуу ыкмаларына маалымат алуу.

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Мектептин аты | № 10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби |
| 2 | Дареги | Панфилов көчөсү 1 а |
| 3 | Директору | Молдобекова Чынаркул Омуралиевна |
| 4 | Окуу бөлүмүнүн башчысы | Джанышбаева Чолпон Турматбековна |
| 5 | Уюштуручу | Камчыбекова Бактыгул Бейшебековна |
| 6 | Соц педагог | Алибаева Айша Сармановна |
| 7 | Ата-энелер комитетинин төрайымы | Турдиева Зуура |
| 8 | Камкордук кеңешинин төрайымы | Тургунбаева Айнура Абдасбековна |

**Мектептин тиби**

| Башталгыч класс | Толук эмес орто мектеп | Орто мектеп | Башка (лицей/гимназия) |
|---|---|---|---|
| | | + | |

**Окуучулардын саны**

| | Мектепте бардыгы | 0 | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 562 | 47 | 54 | 39 | 50 | 52 | 65 | 44 | 61 | 51 | 47 | 25 | 27 |
| Эркек | 294 | 23 | 32 | 21 | 24 | 28 | 40 | 18 | 32 | 29 | 27 | 8 | 12 |
| Кыздар | 268 | 24 | 22 | 18 | 26 | 24 | 25 | 26 | 29 | 22 | 20 | 17 | 15 |
| Класстар | 22 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 |
| | | | | | | | | | | | | | |

| 2.2.Улуттук курамы | Бардык окуучулар | Бардык мугалимдер | Билим берүүнүн мыктысы |
|---|---|---|---|
| Кыргыз | 562 | 35 | 13 |
| Өзбек | 4 | | |
| | | | |

| 2.3. Окуучулардын категориясы | Саны |
|---|---|
| Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар | 4 |
| Томолой жетим | 5 |
| Жарым жетим | 34 |
| Социалдык жетим | 71 |
| Аз камсыз болгон үй- бүлө | 18 |

| | |
|---|---|
| Социалдык колдоого муктаж | 4 |
| Көп балалуу үй бүлө | 97 |
| Ата-энеси миграциядагы балдар (экөө тең) | 31 |
| Атасы сырткы миграциядагы балдар | 50 |
| Апасы сырткы миграциядагы балдар | 32 |
| Ата-энеси ички миграциядагы (экөө) | 9 |
| Атасы ички миграциядагы | 23 |
| Апасы ички миграциядагы | 6 |
| Ооган,Баткен ,Чернобль | 2 |
| Өгөй ата-эне менен жашаган окуучулар | 6 |

**Окутуунун натыйжалуулугу**

| | | |
|---|---|---|
| 7 | Библиотека | 1 |
| 8 | Китеп сактоочу жай | 1 |

**Окутуунун жана тарбиялоону жакшыртуу пландары (ОТЖП)**

| | | Ооба | Жок |
|---|---|---|---|
| 1 | ОТЖП иштеп чыктыңызбы? | + | |
| 2 | Азыркы убакытка чейинки сарпталган гранттын бардык суммасы | | |

**Окуу курстарына баруу**

| | Долбоордун алкагындагы окуу курстардын аттары | Катышкан | Канча киши |
|---|---|---|---|
| 1 | ОТЖП боюнча окутуу | + | 17 |
| 2 | Окуучулардын баалоо боюнча окутуу | + | 17 |
| 3 | Окутуунун жаңы методдорун үйрөтүү | + | 17 |

**Мугалимдерди демилгелөө системасы**

| | Долбоордо катышуунун түрлөрү | Ооба | Жок |
|---|---|---|---|
| 1 | Мугалимдерди баалоонун жаңы системасын ишке ашыруу | + | |
| 2 | Ушул жылы баалоодон өткөн мугалимдердин саны | 17 | |
| 3 | Сыйлык алган мугалимдердин саны | 4 | |
| 4 | Сиздердин мектепке депозит аркылуу жиберилген мугалимдердин саны | - | - |

**Долбоор аркылуу алынган окуу методикалык материалдары**

| | Алынган материалдар, китептер | Саны | Класс | предмет | Тили |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Методикалык колдонмолор | 1117 | 1-11 | | Кыргыз |
| 2 | Көркөм адабияттар | 1942 | | | Кыргыз |
| 3 | Келгиле окуйбуз долбоорунан келген китептер | 683 | 1-4 | | Кыргыз |

| | 1-4 | 5-9 | 10-11 |
|---|---|---|---|
| 60% төмөн китеп менен камсыз болгон предметтердин саны | 88,29% | 76,07% | 75,74% |

**Башка окутуу ресурстары**

| | Ресурстар | Мектепте бар (+же- белгилегиле) | Саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Компютердик класс | + | 1 |
| 2 | Окуучулар колдонгон компютерлердин саны | + | 10 |
| 3 | Интернет | - | - |
| 4 | Телевизор | + | 16 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5 | Видео | - | - |
| 6 | Радио | - | - |
| 7 | Магнитофон | - | - |
| 8 | Проектор | + | 1 |

**Мектеп сунуш кылган кошумча ишмердүүлүк**

| | Ишмердүүлүк | Саны | Катышкан окуучулардын % |
|---|---|---|---|
| 1 | Спорт клубдары (м.футбол,баскетбол,волейбол) | 2 | 5,8% |
| 2 | Изо жана кол өнөрчүлүк | 1 | 2,8% |
| 3 | Музыка жана бий кружоктору (кыргыз улуттук программалары менен бирге) | 1 | 3% |
| 4 | Предметтер боюнча өзгөчө жөндөмдүү балдар үчүн сабактар | Математика,орус тил,физика,чет тил,тарых,кыргыз тили | 6% |
| 5 | Начар окуган окуучулар үчүн кошумча сабактар | Чет тил, орус тил, математика | 6% |
| 6 | Кызыгуулары боюнча сабактар/хобби (м.шахматы) | Шахмат | 6% |

**Мектеп имараты жана инфраструктура**

| Тармактар | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| Жылытуу системасынын болушу | + | |
| Жылытуу системасынын иштеши | + | |
| Предметтик лабароториялардын болушу | + | |
| Мектеп имаратынын жалпы абалы (1-абдан начар, 2-начар, 3-канааттандырарлык, 4-жакшы) | канааттандырарлык | |

| | 1-топ | Саны | 2-топ | Саны |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Окутуу кабинеттери | 22 | Спорт аянты | 1 |
| 2 | Административдик бөлмөлөр (директордун жана окуу бөлүмүнүн башчысынын бөлмөлөрү) | 4 | Гимнастикалык зал | - |
| 3 | Дааратканалар | 1 | Музыка каана | 1 |
| 4 | Тил үйрөнүү кабинеттери | | Ашкана | 1 |
| 5 | Адистештирилген кабинеттер.(мисалы биология) | 22 | Азем залы | 1 |
| 6 | Лабораториялар (Химиядан сабагын өтүү үчүн) | 1 | Кол эмгек каана | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| Окуучулардын биринчи үч орунду алган предметтердин саны. 2 физика,тарых. | Бардыгы: Предметтер: Кыргыз тили,Чет тилдер, Орус тили, Тарых, Математика, География, Физика, Биология, Химия | Бардыгы: Предметтер: Кыргыз тили,Чет тилдер, Орус тили, Тарых, Математика, География, Физика, Биология, Химия |

**Сыйлоо**

**Мектеп окуучулардын жетишүүсүн жогорулатууга кандайча түрткү берет, Белгилеп кетиңиз**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Өзгөчөлөнгөн окуучулардын аттарын жарыялоо | Грамота |
| 2 | Окуучуларга сыйлык, акчалай премияларды берүү | + |

**Мугалимдер**

| Категория | Мектеп | | |
|---|---|---|---|
| | 1-4 кл | 5-9 кл | 10-11 кл |
| Кызматтардын саны | 8 | 24 | 17 |
| Ваканттуу кызматтардын саны | - | - | - |
| Мугалимдердин жоктугунан окутулбаган предметтердин саны | - | - | - |

**2020-2021-окуу жылынын III чейрегинин билим сапаты**

| Класстар | Жалпы саны | 5 | % | 4 | % | 3 | % | Өздөштүрүү % | Билим сапаты % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 55 | | | | | | | 100 % | |
| 2 | 41 | 15 | 38,4 | 12 | 30,7 | 12 | 30,7 | 100 % | 69,2 |
| 3 | 50 | 11 | 22 | 23 | 46 | 16 | 32 | 100 % | 68 |
| 4 | 52 | 10 | 18,8 | 21 | 39,6 | 23 | 43,3 | 100 % | 58,4 |
| **1-4** | **199** | **36** | **25,3** | **56** | **39,4** | **51** | **35,9** | **100 %** | **64,7** |
| 5 | 65 | 5 | 7,6 | 26 | 40 | 34 | 52,3 | 100 % | 47,6 |
| 6 | 46 | 8 | 18,1 | 15 | 34 | 21 | 47,7 | 100 % | 52,2 |
| 7 | 60 | 7 | 11,6 | 21 | 35 | 32 | 53,3 | 100 % | 46,6 |
| 8 | 50 | 1 | 1,9 | 16 | 30,7 | 35 | 67,3 | 100 % | 32,6 |
| 9 | 47 | 2 | 4,2 | 14 | 29,7 | 31 | 65,9 | 100 % | 34 |
| **5-9** | **268** | **23** | **8,5** | **92** | **34,3** | **153** | **57** | **100 %** | **42,9** |
| 10 | 26 | 2 | 7,6 | 14 | 53,8 | 10 | 38,4 | 100 % | 61,5 |
| 11 | 27 | 2 | 7,4 | 9 | 33,3 | 16 | 59,2 | 100 % | 40,7 |
| **10-11** | **53** | **4** | **7,5** | **23** | **43,3** | **26** | **49** | **100 %** | **50,9** |
| 1-11 | 519 | 63 | 9,4 | 171 | 31,4 | 230 | 40,6 | 100 % | 45,2 |
| 3-11 | 464 | 63 | 11,5 | 171 | 38,5 | 230 | 49,8 | 100 % | 50,5 |

**2020-2021-окуу жылынын IV чейрегинин билим сапаты**

| Класстар | Жалпы саны | 5 | % | 4 | % | 3 | % | Өздөштүрүү % | Билим сапаты % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 55 | | | | | | | 100 % | |
| 2 | 39 | 13 | 33,3 | 15 | 38,4 | 11 | 28,2 | 100 % | 71,7 |
| 3 | 50 | 13 | 26 | 23 | 46 | 14 | 28 | 100 % | 72 |
| 4 | 53 | 10 | 19,2 | 22 | 42,3 | 20 | 38,4 | 100 % | 61,6 |
| **1-4** | **196** | **36** | **25,5** | **60** | **42,5** | **45** | **31,9** | **100 %** | **68** |
| 5 | 65 | 5 | 7,6 | 26 | 40 | 34 | 52,3 | 100 % | 47,6 |
| 6 | 44 | 9 | 20,4 | 15 | 34 | 20 | 45,4 | 100 % | 54,5 |
| 7 | 60 | 5 | 8,1 | 24 | 39,3 | 32 | 52,4 | 100 % | 47,5 |
| 8 | 52 | 2 | 3,9 | 16 | 31,9 | 33 | 64,7 | 100 % | 35,2 |
| 9 | 47 | 2 | 4,2 | 12 | 25,5 | 33 | 70,2 | 100 % | 29,7 |
| **5-9** | **268** | **23** | **8,5** | **93** | **34,7** | **152** | **56,7** | **100 %** | **43,2** |
| 10 | 26 | 2 | 8 | 13 | 52 | 10 | 40 | 100 % | 60 |
| 11 | 27 | 2 | 7,4 | 10 | 37 | 15 | 55,5 | 100 % | 44,4 |
| **10-11** | **53** | **4** | **7,6** | **23** | **41,2** | **25** | **48** | **100 %** | **51,9** |
| 1-11 | 517 | 63 | 12,2 | 176 | 34,1 | 222 | 43,1 | 100 % | 46,4 |
| 3-11 | 463 | 63 | 13,6 | 176 | 38,1 | 222 | 48,1 | 100 % | 51,8 |

Январь айынын өтүлүүчү класстык сааттарынын темалары иштелип чыгып, усул канаага илинди.

"Тамеки өмүргө зыян" деген темада тегерек стол 9-а,б класстарына өтүлдү.

Педагог, котормочу, публист, тунгуч лексикограф жана лексиколог К.Карасаевдин жумалыгы өткөрүлүп, өткөрүлгөн иш чаралардан билдирүү ШБББгө тапшырылды.

"Кыймыл ден соолукту чыңдайт" воллейбол оюну 11-класстар арасында уюштурулду.

Окуучулардын эрежелерди, аралыкты сактоо дайыма көзөмөлдөнүп турду.

Февраль айында өтүлүүчү иш чаралар иштелип чыгып мектеп директору тарабынан бекитилди.

"Ар кандай кылмыштуулуктун алдын алуу жана болтурбоо" боюнча 1 айлык инш план түзүлүп, анын негизинде иш чаралар отүлдү жана өтүлгөн иш чаралар боюнча ШБББнө билдирүү берилди.

Өрт тилсиз жоо сынагы Таш-Көмүр шаардык ӨКБнүн кызматкерлери менен биргеликте өткөрүлдү. Жеңүүчүлөр ӨКБнүн сыйлыктары жана мектептин грамоталары менен сыйланды.

Ошондой эле 17-февраль ӨКБнүн кызматкерлери тарабынан инструктаж өткөрүлдү. Окуучуларды патриоттукка, шамдагайлыкка тарбиялоо жана ар кандай кылмыштуулуктун алдын алуу жана укук бузууларды болтурбоо максатында "Ким шамдагай" спорттук мелдеш 6-11-класстарынын эркек балдар арасында өткөрүлдү. Жеңүүчүлөр грамоталар менен сыйланды.

Март айында өтүлүүчү тарбиялык сабактардын темалары иштелип, мектеп директору тарабынан бекитилди.

5- март "Ак калпак" күнү класстар арасында белгиленди. (тарбиялык сабактар өтүлдү).

Катышуу-жетишүү мектеп лобаранты тарабынан дайыма дептерге түшүрүлүп турат. Мектепте катышуу жакшы.

Көркөм өнөр мугалими Б.Акматова тарабынан 5-6-класстар арасында "Менин сүйүктүү апам" сынагы өткөрүлүп, жеңүүчүлөр грамоталар менен сыйланды.

"Жол кыймылынын жаш инспектору" деген темада 3-б классына класс жетекчиси Г.Тургунбайева ачык тарбиялык сабак өтүп берди.

8-а жана 8-б классынын кыздар арасында "Кыз адеби кымбат" деген темада сынак өткөрүлдү. сынакта "Беш көкүл" жана "Кызгалдак" командалары программа боюнча күч сынашты. Жеңүүчү "Кызгалдак" командасы болду.

Айлана чөйрөнү жашылдандыруу максатында мектеп айланасында 5-11-кккллласстардын окуучуларына ишембилик өткөрүлдү. (арыктар тазаланды, дарактар буталды, мектеп астындагы жерлер тебилди)

Мектеп ичин жашылдандыруу максатында "Эң жашыл класс" сынагында жеңүүчү класстар орус тил канаасы жетекчи А.Юсупбаева, кыргыз тил канаасы жетекчи Н.Калдиновалар алды.

Нооруз майрамына карата мектептин мугалимдери Шамалды-Сай аймактык башкармалыгы тарабынан уюшулган.жарменкеге улуттук тамак аштардын түрү боюнча кеатышып, мектептер арасында эң мыкты деп табылды.

12-апрель космостун 60 жылдыгына карата "Космос" аттуу сүрөт сынагы жана макет жасоо сынактары уюштурулду. Жыйынтыгында 4-а классынын окуучусу Н.Жузүбалиев "эң мыкты" сүрөт таркандыгы үчүн грамота менен сыйланды. 2-а классынын окуучусу А.Имамов "эң мыкты" спутник макеттин жасагандыгы үчүн грамота менен сыйланды.

Апрель айында "Кош алиппе" майрамы окуучулар менен өткөрүлдү. Апрель айында "Таза мектеп" тазалык акциясы уюштурулуп, мектептин айланасы тазаланып эки жаңгак, алты атыр гүл көчөтү, жети туя, ар түрдүү гүл көчөттөрү себилди.

14-апрель 1-4-класстар арасында "Атам, апам жана мен бирге китеп окуйбуз" аттуу китеп окуу эстафетасы өткөрүлдү. Башталгыч класстарда

ата-энелер менен биргеликте жомок китептерди окушуп, видеолору интернет булактарына жүктөлдү.

15-апрель 1-4-класстар менен "Китепкана окуучунун сүйүктүү жайы болсун" аттуу китеп жасоо боюнча мастер класс өткөрүлүп китепчелер жасалды.

19- апрель "Менин сүйүктүү жомогум" аттуу сүрөт сынагы өткөрүлдү. Мыкты чыгармаларга 4-а классынын окуучулары Намазбекова Аяна, Иманова Айдеми грамоталар менен сыйланды.

20-апрель "Жомоктор дүйнөсүнө саякат" жомоктордон үзүндү аткаруу
3-а классынын окуучулары "Түлкү менен каздар" чыгармасын аткарып беришти.

21-апрель "Китепти сүй, баркын бил" – китеп жөнүндө көркөм окуу
4-8-класстарынын окуучулары Саматбекова Анжелика, Кутманалиев Бектур, Шамильова Акбермет, Акимбаев Даниэл китеп жөнүндө ырларды көркөм окушту.

23-апрель Китеп билим булагы, билим өмүр чырагы деген темада адабий кече өткөрүлдү анда "Китеп биздин доордун күзгүсү" деген аталышта дубал газета, буклет, китептердин макеттери жасалып көргөзмөгө коюлду. Адабий кечеде көркөм окуу, жомоктордон үзүндү аткаруу, ыр, бий, китептин орду тууралуу инсценировкалар аткарылды. Эстафета китеп алтын казына.
Бир адамдан бир китеп, максатына окуп жет деген саясатчы китеп куржун уюштурулуп 1-11-класстардын окуучулары көркөм адабий китептерди китепканага тапшырышты.

Адабий кечеге жогорку деңгээлде катышкан окуучулар жана класстардын иштери өзгөчөлөнүп белгиленди.

9-май Улуу жеңиштин 76 жылдыгына карата "Улуу жеңишке 76 жыл", "Жеңишке карай узак жол", "Дүйнөдө тынчтык болсун" деген темаларда тарбиялык сабактар өтүлдү. "Ардагерлердин тылда калган жесирлерине жардам" акциясына биздин мектеп да катышып Абайдуллаев көчөсүнүн жашоочусу С.Абайдуллаевага мугалимдер тарабынан 970 сом акчалай жардам көрсөтүлдү.

Кыргыз тилинин негиздөөчү кыргыз жазма адабиятынын баштоочуларынын бири, акын драматург, мамлекеттик жана коомдук ишмер, биринчи кыргыз профессору К.Тыныстановдун 120 жылдыгына карата 3-майда салатантуу линейка өткөрүлдү. "Кыргыз жазма адабиятынын баштоочусу" деген темада бурч уюштурулду. "Баатырлар катаал күндө жаралат" деген темада тегерек столду
10-11-класстарына тарых мугалими Н.Айдаралиева, 9-а, б класстарына "К.Тыныстанов кыргыз тилинин негиздөөчүсү" деген темада суроо жооп викторинасын кыргыз тил жана адабият мугалими Ч.Джанышбаева өтүп беришти.

25-май "Акыркы коңгуроо" күнү онлайн форматында өткөрүлдү. Салтанатуу аземдин видео ролиги ютуб каналына жүктөлдү.

14-январдан 21-январга чейинки аралыкта $5^{а,б}$-$6^{а,б}$-класстарынан "Мен жана менин мектебим" деген темада анкета алынды.

Апаларынын жашы 30 жаштан, 51 жашка чейинки куракты көрсөтүшкөн.

Аталарынын жашы 30 жаштан, 67 жашка чейинки куракты түзөт.

Иштеген энелер – 46, иштебегендери – 58.

Иштеген аталар – 74, иштебегендери – 17. Атасы жоктор – 13.

Жогорку билимдүү энелер – 32, атайын орто жана толук эмес билимдүүлөр – 72

Жогорку билимдүү аталар – 31, атайын орто жана толук эмес билимдүүлөр – 60

5-6-класстын окуучулары бош убактыларында ата-энелерине жардам беришет, үкөлөрүн карашат, үй тапшырмаларын жазышат, көчөдө ойношот, телевизор көрүшөт, телефондо оюн ойношот.

5-6-класстын жакшы көргөн сабактары: 2-орунда кыргыз тили, математика, 3-орунда дене тарбия, музыка, чет тил сабактары.

Жаман көргөн сабактары: 1-орунда орус тили, 2-орунда адам жана коом сабагын 21 окуучу, тарых 20 окуучу, көркөм өнөр, технологияны – 17 окуучу, чет тил – 10 окуучу, информатиканы – 11 окуучу, чтение – 8 окуучу, математика – 7 окуучу, музыка – 8 окуучу, кыргыз тилин – 5 окуучу, географияны – 6 окуучу, адабиятты – 5 окуучу, табият таануу сабагын – 4 окуучу, дене тарбия, биологияны – 2 окуучу жактырбайбыз деген жоопту жазышкан.

Ким болгуң келет деген суроого медицина тармагын – 24 окуучу тандаган, мугалим – 11 окуучу, аскер кызматын – 7 окуучу, спорт тармагын – 5 окуучу, миллиционер – 9 окуучу, актер, журналист, электрик, повар, жазуучу, уста, бизнесмендик, парихмахердик кесиптерди тандашкан.

Февраль айында $5^{а,б}$ – класстарында "Ынтымак болсо элиде ырыскы жайнар көлүндө" деген темада аңгемелешүү болду.

7-11-класстарга "Кыз адаби кымбат" деген темада чогулуш жана жекече аңгемелешүү болуу.

Март айында 7-8—класстарынан "Мен жана менин мектебим" деген анкета алынды. 86 окуучу катышты. Ата-энелердин жалпы саны – 159. Жаштары – 36 курактан 64 жашка чейинки курак. Иштебеген ата-энелер – 51. Иштегендери – 108 ата-эне ар түрдүү кесиптерде эмгектенишет. Жогорку билимдүү ата-энелер – 44, атайын орто билимдүүлөр – 115.

7-8-класстын жакшы көргөн сабактары: 1-орунда дене тарбия, 2-орунда биология, тарых, физика, 3-орунда математика.

7-8-класстын жаман көргөн сабактары: 1-орунда алгебра, 2-орунда география, 3-орунда чет тили.

Кесипти тандашканда 1 – орунда врачтык кесип, 2-орунда миллиционер, аскер кызматы, 3 – орунда автомеханик жана башка кесиптер.

9-11-класстарынан "Мен жана менин мектебим" деген анкета алынды.

Жалпы 90 окуучу катышты. Ата-энелердин жалпы саны – 168. Жаштары – 36 курактан 64 жашка чейинки курак. Иштебеген ата-энелер – 52. Иштегендери – 110 ата-эне ар түрдүү кесиптерде эмгектенишет. Жогорку билимдүү ата-энелер – 36, атайын орто билимдүүлөр – 132.

Жакшы көргөн сабактары: Дене тарбия, биология, тарых

Жаман көргөн сабактары: химия, алгебра, – 25 окуучу, алгебра, география.

Кесипти тандаганда врач, программист, мугалимдик кесипти көп окуучулар тандашкан.

Апрель айында зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча иш план түзүлдү.

2-4-класстардан "Менин үй-бүлөм" деген темада сүрөт конкурсу болду. Жалпы 102 окуучу катышты. 45 окуучу сары түс, 41 окуучу жашыл, 17 кызыл 2 кара түстөрдү колдонушкан. Сүрөт конкурсунда 1-орунда 4-а классынын окуучусу Жүзүбалиев Н. , 3-б классынын окуучусу Кудчубекова Уркуя, 2-орунду А.Намазбекова 4-а класс, 2-б класс М.Бекмурзаев, 3-орунду 3-а класс О.Дөөлөтбекова, 2-б класс С.Болотбекова ээлешип ардак грамота менен сыйланышты.

5-8-классынан 97 окуучу анкеталык сурамжылоого катышты. Зордук-зомбулукка кабылган окуучулар психологиялыкка 1 окуучу 8-а классынан Д.Омуржанова. зордук-зомбулуктан 80 окуучу өзүбүздү коргой алабыз деп жооп беришкен. 17 окуучу коргой албайбыз деп жооп беришкен.

Зордук-зомбулук жасалса 57 окучу ата-энеге, соц. педагог, мугалимдерге – 38 окуучу, 1 окуучу досторуна кайрылабыз деп жооп беришкен.

Зордук-зомбулукка каршыбыз деген темада класстан тышкаркы иш-чара 9-11-класстарында өткөрүлдү. окуучулар зордук-зомбулуктун түрү, чыгармалардан үзүндүлөр, ситуация турмуштук кырдаал боюнча кыз ала качуу кылымышпы же салтпы? Деген темадагы социалдык роликтерди көрүштү.

Май айында 9-11-класстаргакесипти тандоо боюнча багыт берилди.мындан сырткары мектеп учетундагы окуучулар У.Усенов 7-а класс, Иранбек у. Т. 11-а класс, М.Осконов 9-а класс, А.Кутуков 5-а класс менен жекече аңгемелешүүлөр үй-бүлөлүк шарттары изилденди. Ай сайын ата-энеси сырткы миграциядагы, тоголок жетис, жарым жетим, майып окуучулар, аз камсыз болгон үй-бүлөнүн балдары, ичкен үй-бүлөнүн балдары, сабактан көп калган окуучулар менен үй шарттары изилденип текшерилип, актылар түзүлүп иш жүргүзүлдү.

Мектепте окуу жылынын аягында баардык кабинеттер утурумдук ремонт иштери жүргүзүлүп, акталып сырдалды. Ата-энелердин жардамы менен.

2020-2021-окуу жылында утурумдук ремонт иштерине 47603 сом тендерден өткөрүлүп, коридорлор, спорт зал, ашкана, усулкана, китепкана жана спорт аянтчалары акталып сырдалды.

Быйылкы окуу жылында 9-класстан 47 окуучу, 11-класстан 27 окуучу аякташты. Анын ичинен 9-а классынын окуучусу Жанарбекова Бегимай өзгөчөлөнгөн күбөлүк менен аяктады.

2020-2021-окуу жылында "Мыкты окуучу" номинациясына 4-а классынын окуучусу Имамова Айдеми, 7-а классынын окуучусу Жеңишбекова Аяна, 10-а класснын окучусу Сатышова Таңсулуу, 11-а классынын окуучусу Кутманалы кызы Мырзагүл төш белги медалдары менен сыйланышты.

2020-2021-окуу жылында "Мыкты класс" номинациясына 3-а классынын класс жетекчиси Ж.К.Бакирова жана 6-а классынын класс жетекчиси А.А.Юсурбаева кубок менен сыйланышты.

Эң мыкты окуган окуучуларга жана спортто өзүнүн чеберчилигин көрсөткөн окуучуларга Ардак грамоталар, Мактоо баракчалары тапшырылды.

№5 педагогикалык кеңешменин чечими менен 17-май 2021-жыл

25- май 2021-жылдын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы менен физика мугалими, соц. педагог А.С.Алибаева. Жогорку Кеңешинин Ыраазычылык каты менен математика мугалими, Билим берүү жана илим министрлигинин мыктысынын төш белгисинин ээси И.Абдуллаева, Билим берүү жана илим министрлигинин мыктысынын төш белгисинин ээси Д.А.Балбаева, Билим берүү жана илим министрлигинин мыктысынын төш белгисинин ээси Ч.О.Молдобекова, чет тили мугалими А.Н.Абдыкаарова сыйланышты. Сыйлыкты Аймактык башкармалыгынын башкы адиси С.К.Айдарбекова жана шаардык кеңешининин депутаты Г.Т.Ашырбеков тапшырышты.

Мектеп директору: Ч.О.Молдобекова